КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**XXVIII чакырылышынын кезексиз №14-сессиясынын**

**2022-жылдын 21- ноябры , № 62** **Даркан айылы**

**Т О К Т О М У**

**Жеңиш айылынын Жууку суусунан сугарулуучу сугат жерлерине суу жеткирүү максатында канал салуу үчүн жер тилкесин чечип берүү жөнүндө**

Жеңиш айылынын Жууку суусунан сугарулуучу сугат жерлерине суу жеткирүү максатында "Г" тибиндеги канал салуу үчүн жер тилкесин чечип берүү жөнүндөгү "Даркан -Жууку" суу пайдалануучулар ассоциациясынын жетекчиси Т. Борончиевдин жана айыл өкмөтүнүн жер адиси С.Токоевдин маалыматтарын угуп жана талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат;**

1. Жеңиш айылынын Жууку суусунан сугарулуучу сугат жерлерине суу жеткирүү үчүн "Г" тибиндеги канал мурунку пайдаланып жүргөн арыктын нугу менен Даркан айылынын тургундары нын суу пайдалануу кызыкчылыктарын сактоо менен салынсын.

2. Курулуш иштери боюнча ар кандай маселелерди чечүү жана макулдашуу максатында Даркан жана Жеңиш айылынын тургундарынан жумушчу комиссиясы түзүлсүн.
Комиссиянын курамы тиркелет.

3. Салынган"Г" тибиндеги канал "Даркан -Жууку" суу пайдалануучулар ассоциациясынын балансына алынып, каналдын иштешине көзөмөлдүк жүргүзүү "Даркан-Жууку" суу пайдалануучулар ассоциациясынын жетекчисине милдеттендирилсин.

4. Каналды пайдалануу боюнча эки тараптын кызыкчылыктарын эске алуу менен комиссиянын отурумунун негизинде эки тараптуу келишим түзүлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл чарба, жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Урматбек уулу Калысбекке тапшырылсын

**Төрагасы** **Б.Муканбетов**